«Бекитемин»

Мектеп жетекчиси ________ Исаева А.Б.

"___" ______ 2020-жыл

**Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин «Саякат» усулдук бирикмесинин 2020-2021-окуу жылына карата иш планы**

| № | Аткарыла турган иштер | Классы | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Сентябрь**<br>"Саякат" усулдук бирикмесинин бир жылдык иш планын бекитүү | | 5-сентябрь | Молдокулова Р.Э. |
| 2 | Календарлык пландарды бекитүү | 5-9 | 5-сентябрь | Мугалимдер |
| 3 | 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата "Эне тилим- эне сүтүм" деген темада ачык тарбиялык сааттарды өткөрүү | 5-9 | Сентябрь | Класс жетекчилер |
| 4 | Өтүлгөн иш чарага анализ берүү | | 30-сентябрь | УБнын жетекчиси, мүчөлөрү |
| 1 | **Октябрь**<br>Тарых сабагынан ачык сабак өтүү | 6 | 11-октябрь | Рысалиева. Т.Ж |
| 2 | Алгебра сабагынан ачык сабак өтүү | 8 | | Акматова. Ж.К |
| 3 | Окуучулардын билим сапатын текшерүү | 5-9 | 22-октябрь | Мугалимдер |
| 4 | Өтүлгөн ачык сабактарга анализ берүү | | | УБнын жетекчиси, мучолору |
| 1 | **Ноябрь**<br>География сабагынан ачык сабак өтүү | 9 | 21-ноябрь | Асанова. Р.Ж |
| 2 | Доклад өтүлдү | 9 | 19-ноябрь | Молдокулова .Р.Э |
| 3 | Физика сабагы боюнча ачык сабак | 8 | 22-ноябрь | Кожокматова . Л. |
| 4 | Мектеп ичинде 6-9- класстардын окуучулар арасында олимпиада откоруу | | 29-ноябрь | мугалимдер |
| 5 | Өтүлгөн сабактарга анализ берүү , олимпиаданын жыйынтыгын чыгаруу. | | 29-ноябрь | Молдокулова. Р.Э<br>Предмет мугалимдер |
| 1 | **Декабрь**<br>СПИД оорусу боюнча декада өткөрүү, линейка өткөрүү , дубал газета чыгаруу | 8-9 | 3-декабрь | Молдокулова Р.Э |
| 2 | Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата ачык сабактарды | 6-9 | 2-декабрь | Класс жетекчилер |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | өткөрүү | | | |
| 3 | Математика боюнча ачык сабак | 5 | 17-декабрь | Кожокматова . Л |
| 4 | Өтүлгөн иш чарага анализ берүү | | 20-декабрь | УБнын мүчөлөрү |
| 1 | **Январь**<br>1 жарым жылдыктын жыйынтыгын талкуулоо | | | Молдокулова Р<br>мугалимдер |
| 2 | Окуучулардын билим сапатын текшерүү.<br>Тест менен иштөө | 5-9 | Ай ичи | Мугалимдер |
| 3 | Тарых сабагынан ачык сабак берүү | 9 | 24-январь | Рысалиева Т.Ж |
| 4 | Иш чаралардын жыйынтыгын талкулоо | | 31-январь | УБнын мүчөлөрү |
| 1 | **Февраль**<br>Алгебра сабагынан ачык сабак өтүү | 8 | 7-февраль | Акматова. Ж.К |
| 2 | Физика сабагы боюнча ачык сабак | 7 | 13-февраль | Кожокматова .Л |
| 3 | 23-февраль – Мекен сакчылар күнүнө карата " Ата Журтум сыймыгым" деген темада ачык тарбиялык саатарды өтүү | 5-9 | 15-февраль | Класс жетекчилер |
| 4 | Өтүлгөн иштерге анализ | | 28-февраль | Мугалимдер |
| 1 | **Март**<br>"Атыңдан кагылайын алтын апа" | 5-9 | 1-7-мартка чейин | Мугалимдер |
| 2 | "Нооруз-2021" майрамын өткөрүү | 5-9 | 20-март | Мугалимдер |
| 3 | Окуучулардын билим сапатын текшерүү | 5-9 | Ай ичи | Мугалимдер |
| 4 | Өтүлгөн иштерге анализ | | 27-март | Мугалимдер |
| 1 | **Апрель**<br>География сабагы боюнча ачык сабак көрүү | 7 | 10-апрель | Асанова . Р.Ж |
| 2 | Биология боюнча ачык сабак | 6 | 18-апрель | Молдокулова Р.Э |
| 3 | Сабактарга анализ берүү | | 30-апрель | Мугалимдер |
| 1 | **Май**<br>Математика сабагы боюнча ачык сабак өтүү | 6 | 6-май | Кожокматова Л |
| 2 | 9-май – Жениш күнүнө карата тарбиялык сааттарды өтүү | 5-9 | 6-май | Мугалимдер |
| 3 | Бир жылдык иш чараны анализдөө | | 30-май | Мугалимдер |
| 4 | Мугалимдердин отчетун угуу | | 30-май | Мугалимдер |

## Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин "Саякат" усулдук бирикмеси 2020-2021-окуу жылына карата

## Талдоо

**Милдеттер:**

**Билим берүүнүн милдеттери:**

1 Окуучунун куррактык өзгөчөлүгүнө ылайык педагогикалык жактан жаттыккан адамзаттын илимий жана практикалык жетишкендиктеринин негизги өзөгүн өзөштүрүү.

2 Методикалык иштер, семинарлар,квалификацияны жогорулатуучу курстары,тажрыйба алмашуу өзүн-өзү тарбиялоо аркылуу мугалимдердин кесиптик даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу.

3 Окутуунун сапатын жогорулатуу.

4 Сабакта жана класстан тышкаркы иштерди окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүн активдештирүү максатында заманбап педагогиканы , технологияларды колдонуу

5 Таланттуу балдар менен иштөө форматын өркүндөтүү

**Багыттар:**

1 Мугалимдердин изилдөө жана көйгөйлүү окутуу методдорун колдонуу

2 Натыйжалуу тестирлөө, анализдөө жана даярдоо ыкмаларын иштеп чыгуу

3 Окуучулардын жазуу жана оозеки сүйлөө сабаттуулугун жогорулатууу, сөзбагытын кеңейтүү

4 Руханий, адеп-ахлактык жана жарандык мекенчилдикти ар тараптан өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

5 Сабактын же класстантан тышкаркы иштердин ар кандай түрлөрүнө катышуу, конкурстарды предметтик жумалыктарды , кечелерди өткөрүү аркылуу гуманитардык циклдик предметтерин окууга мотивацияны жогорулатуу.

6. 2020-2021-окуу жылына карата методикалык иш аракеттерди талдоо жана жаңы 2021-2022-окуу жылынын иш планынын иш планын иштеп чыгуу.

7. Ачык сабактарга барууну талдоо.

8. Мугалимдердин ишмердүүлүгүн изилдөө, методикалык жардам көрсөтүү

9. Педагогикалык ишмердүүлүктү өркүндөтүү .

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

1 Билим сапатынын жогорулашы

2 Окуучулардын тил үйрөнүүгө болгон таанып-билүү кызыгуусун жогорулатуу.

3 Мамлекеттик стандартка ылайык сабактарды окутууну өздөштүрүү.

**Максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруунун формалары:**

-Методикалык семинарлар

-Усулдук жумалыктар

-Өз ара сабактарга катышуу

- Мастер класстар

-Тегерек столдор

-Ачык сабактар жана класстан тышкаркы иш чаралар

“Саякат “ усулдук бирикмесинин мугалимдеринин курамы:

1 Молдокулова Р.Э – биология, химия, стажы - 29 жыл

2 Акматова Ж.К - алгебра, геометрия, стажы 41 жыл

3 Рысалиева Т – тарых, стажы 17 жыл

4 Асанова Р – география, стажы 22 жыл

5. Джанышбекова А.Д.- математика, стажы – 2 жыл

**Сентябрь.** 2021-2022- окуу жылынын башында усулдук бирикменин жетекчиси Молдокулова Р.Э бирикменин мүчөлөрүн чогултуп , алар менен бирдикте окуу жылында алып бара турган иш чаранын планын бекитти. Чогулушта жаңы окуу жылында окуу процессиндеги өзгөрүүлөр жөнүндө талкуулашат. Ар бир өтүлгөн иш чаралардын план – сценарийлери усулдук планга салынат. Ар айда бирикме отурум өткөрүп , каралган маселелерди талкуулашат. Окуучулардын дептерлери бирикменин мүчөлөрү тарабынан текшерилип турат. Предметтик мугалимдердин иш программаларын , окуу предметтеринин окуу планын карашып, окуучулар китептер менен толугу камсыз болушту.

Квалификацияны жогорулатуу курстарына баруу графиги түзүлгөн.

23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата төмөндөгүдөй иш чаралар өтүлдү. Мамлекеттик тилдин бир айлыгын ачуу аземи мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Тайтаева Майрамкүл Большевиковна уюштурду. Мектептин жогорку класстары дубал гезиттерин , буклеттерин чыгарышты.

**Октябрь.** Октябрь айында Рысалиева Толкун тарых сабагы боюнча “Караханийлердин батыштагы жеңип алуулары “ деген темада ачык сабак өтүлдү. Сабак өз убагында башталып, класста жагымдуу маанай түзүлдү. Доскага жаңы тема жазылды. Кыргызстандын саясий картасы илинди. Окуучулар 3 топко бөлүнүп , суроо-жооп

иретинде өтүлдү. Жаңы сөздөрдү жазышты. Сабак бышыкталды, үйгө тапшырма берилди. Билимдери бааланды. Сабак максатына жетти.

Мугалимдер сабакты өткөрүүнүн түрлөрүн лекция, тегерек стол , оюн конференцияны ар тарптуу кылууга аракет кылышат. Салттуу сабакта алар билим берүү иш аракеттеринин ар кандай түрлөрүн , окуучуларды активдештирген заманбап усулдарды колдонушат.

**Ноябрь:** айында Асанова Рахат География сабагы боюнча " Климаттык бийиктиктин алкактары" деген темада ачык сабак өтүлдү. Сабак өз убагында башталды. Климаттын бийиктиги жөнүндө көптөгөн суроолор окуучулар тарабынан берилди. Окуучулар активдүү катышышты. Сабак жагымдуу жана кызыктуу болду. Сабак максатына жетти.

Биология мугалими Молдокулова Р. Э " Жеримдин суусу дары , таштары алтын " деген темада доклад окулду. Доклад Ысык- Ата курортунун суусу жөнүндө болду.

**Декабрь:** СПИД оорусу боюнча декада өткөрүлдү . Линейка, дубал газеталары чыгарылды.

Мектептин усулдук бирикмелердин мугалимдери менен биргеликте Чынгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата ачык сабактар өткөрүлдү.

-Чынгыз Айтматовдун чыгармаларын даңазалоо жана актуалдаштыруу

-Улуу жазуучунун чыгармачылыгына таазим этүү

-Патриоттуулукка тарбиялоого жана адеп – ахлактык багыттарды калыптандыруу

-Классикалык адабиятты окууга түрткү берүү.

**Январь** айында усулдук бирикменин I жарым жылдыкта болгон жетишкендиктерди жана кетирген кемчиликтерди талкууга салып иштелген иштер канааттандыраарлык деп белгиленип, II жарым жылдыкта кетирген кемчиликтерди жоюнун үстүндө иштөөсү зарыл экендиги усулдук бирикменин мүчөлөрүнө белгилеп кетишти. IV жарым жылдыкта аткарыла турган иштердин планы жана усулдуктун жетекчиси Молдокулова . Р.Э мүчөлөрүн тааныштырды.

**Февраль**. Алгебра сабагы Акматова Ж 8-класста "Томпок бурчтуктар" деген темада ачык сабак өтүлдү. Сабакта куралдар сүрөттөр, таблицалар колдонулду. Сабак жандуу кызыктуу болду. Сабак максатына жетти.

Физика сабагы боюнча 7-класста Кожокматова Л "Кубаттулук" жөнүндө ачык сабак өтүлдү. Сабак өз убагында башталды. Кубаттулук убакыт бирдиги ичиндеги аткарган жумушту көрсөткөндүгүн баса белгиледи. Кубаттулуктун, аткарган жумушту формула аркылуу түшүндүрдү. Сабак кызыктуу көрсөтмөлүү, жандуу болду. Сабак максатына жетти. Класс джетекчилер тарбиялык сааттарды өз убагында өткөрүштү.

**Март.** 8-март апалардын , энелердин, сиңдилердин , кыздардын майрамына карата класстарда конкурс түрүндө тарбиялык сааттар өтүлдү.

Нооруз-2021 майрамы , улуттук салттар менен аластоо менен башталды. Жогорку класстын класстын окуучулары жакшы деген баага ээ болду.

**Апрель:** География сабагы Асанова Р " Саламаттыкты сактоо" деген темада ачык сабак өтүлдү. Сабак экологиянын бузулушу адам ден- соолугуна тийгизген таасири, жөнүндө болду. Сабак көрсөтмөлүү сүрөттөр менен болду.

**Май:** Кожокматова Латипа математика сабагы 6-класс тема " Оң жана терс сандар" деген темада ачык сабак өтүлдү. Сабак өз убагында башталды. Доска эстетикалуу жабдылган мугалимдердин көрсөтмө куралдары көп. Окуучулар сабакты толугу менен өздөштүрө алышты. Сабак "жакшы" деп бааланды.

9-май Жеңиш кунүнө карата карата тарбиялык саатар өтүлдү. Сабактар максатына жетти.

**Жыйынтык:** 2020-2021 окуу жылдарында өтүлгөн иш чараларга бирикменин жетекчиси Молдокулова Р.Э менен биргеликте бирикменин мүчөлөрү жыйынтык чыгарышат. Анда быйылкы окуу жылында турган окуу жылында өз убагында жана кызыктуу өткөрүлдү. Аткарылган иш чараларга жалпысынан "жакшы" деген баа коюлду, жана келтирилген кемчиликтерди мындан ары жоюуга мугалимдер аракеттерин жасоого убада беришти.

**Усулдук бирикменин жетекчиси:** ____________Молдокулова Р.Э.